DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Жолчиев С.Т., Чаканов Э.А., Назиркулов А.У.*

# БУЮМ УКУКТАРЫН КОРГООНУН ЖАРАНДЫК-УКУКТУК ЫКМАЛАРЫ

*Жолчиев С.Т., Чаканов Э.А., Назиркулов А.У.*

# ГРАЖДАНСКО-ПРАВОВЫЕ СПОСОБЫ ЗАЩИТЫ ВЕЩНЫХ ПРАВ

*S.T. Zholchiev, E.A. Chakanov, A.U. Nazirkulov*

# CIVIL LAW METHODS OF PROTECTION PROPERTY RIGHTS

*УДК: 34.347*

*Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, менчиктин кол тийгистиги, менчик ээлеринин өз укуктарын ишке ашыруу тартиби, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде көрсөтүлгөндөй менчик укугу жана башка буюм укуктарын коргоо, мыйзамда белгиленген тартипте буюмдун ээси тарабынан ээлик кылынуусу, пайдалануусу жана тескөөсү, ыйгарым укуктуу адам тарабынан анын чарбалык башкаруусунда болгон нерсеге таасир этүүсү, жарандык мыйзамдын өзгөчөлүгү бир гана жарандардын укуктарын эмес, алардын менчик, буюм укуктарын да коргоого алат, буюм укуктарын коргоонун жарандык-укуктук ыкмаларынын бөлүнүшү, буюм укугун коргоо ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү, буюм укугунда доо коюунун тартиби, виндикациялык, негатордук жана мүлктү таануу боюнча доо коюу ыкмалары, буюм укугунун экинчи тобунда укуктук милдеттердин өзгөчөлүктөрү, буюм укугунун үчүнчү тобунун өзгөчөлүгү, буюм укуктарынын жүзөгө ашырылуусу жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *буюм, буюм укуктары, укук коргоо, ыкмалар, өзгөчөлүктөр, бөлүнүшү, жүзөгө ашырылуусу.*

*В статье рассматривается неприкосновенность собственности в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, порядок осуществления права собственности, в соответствии с гражданским кодексом Кыргызской Республики, защита права собственности и других вещных прав, в соответствии с законом владения, пользования и распоряжения своим имуществом, уполномоченным лицом по своему усмотрению совершать действиявя в отношении принадлежащего ему имущества, особенность гражданского кодекса в защите не только прав граждан, но и их имущественных, вещных прав, виды гражданско-правовых способов защиты вещных прав, особенности способов защиты вещных прав, процедура иска в вещном праве, виндикационный, негаторный иски и способы иска по признанию имущества, во второй группе вещных прав особенности правовых обязанностей, особенности третьей группы вещных прав, осуществление вещных прав.*

***Ключевые слова:*** *предмет, предмет права, правовая защита, способы, особенности, разделение, реализация.*

*Considers the inviolability of property in accordance with the Constitution of the Kyrgyz Republic, the procedure for exercising the right to property, in accordance with the civil code of the Kyrgyz Republic, protection of property rights and other property rights, in accordance with the law, possession, use and disposal of one's property, by an authorized person at his discretion take action in relation to the property belonging to him, the peculiarity of the civil code in protecting not only the rights of citizens, but also their property, property rights, types of civil legal methods of protecting property rights, especially methods of protecting property rights, the procedure for claiming in real law, vindication, negative claims and methods of claim for recognizing property, in the second group of real rights, the features of legal obligations, the features of the third group of real rights, the exercise of real rights.*

***Key words:*** *subject, subject of law, legal protection, methods, features, division, implementation.*

Мамлекетибиздин Конституциясынын 12-беренесине ылайык, “Менчик кол тийгизсиз, менчик ээлеринин өз укуктарын ишке ашыруунун чектери жана тартиби, аларды коргоонун кепилдиктери мыйзам менен аныкталат” [1] Ошондой эле КРдин Жарандык кодексинин 15-главасында көрсөтүлгөн тартипте “Менчик укугун жана башка буюм укуктарын коргоо” [2] жүзөгө ашырылат.

Буюм укугу – деп багыты буюм болгон субьективдүү жарандык укукту айтабыз. Буюм укугуна ээ болгон жак аны башка жактардын көмөгүсүз эле өз алдынча жүзөгө ашырат. Буюмдун ээси ага мыйзамда белгиленген тартипте, өзү каалагандай ээлик кылат, аны каалагандай тескейт жана пайдаланат [1].

О.Н. Садикова «Буюм укугу, ыйгарым укуктуу адам тарабынан камсыз кылуу, канааттандыруу, кызыкчылыгында түздөн-түз көз карандысыз анын чарбалык башкаруусунда болгон нерсеге таасир этүүсү» [2] деп белгилеген.

Буюм укуктарын коргоо жарандык мыйзамдын ченемдеринде, ошондой эле кылмыш жазык, үй-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



бүлөлүк, жер укук тармактарында дагы жүзөгө ашырылат.

Ал эми биз буюм укуктарынын коргоо ыкмаларынын жарандык укукта жөнгө салынуусун алып карасак, анда жарандык мыйзамдын өзгөчөлүгү бир гана жарандардын укуктарын гана эмес, алардын менчик жана башка буюм укуктарын да коргоого алат.

Буюм укуктарын жарандык-укуктук коргоо-жарандык мыйзамдарда көрсөтүлгөн тартипте, мүлк ээсинин кызыкчылыктарын коргоо же калыбына келтирүү боюнча багытталган, буюм укуктарын бузган убактарда колдонулуучу ыкмалар жана каражаттардын жыйындысы.

Буюм укуктарын коргоонун жарандык-укуктук ыкмалары төмөнкү үч түргө бөлүп карайбыз:

1. буюм-укуктук;
2. укуктук-милдеттери;
3. коргоонун жана башка ыкмалары.

Буюм-укуктук коргоо ыкмалары төмөнкүлөргө байланыштуу:

- түздөн-түз менчик укуктарын коргоого багытталган;
- айрым белгилүү бир милдеттенмелери менен байланышы болгон эмес;
- буюмга ээлик кылуу жана аны өз максатына таандык, пайдалануу жана тескөө боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын калыбына келтирүү үчүн, же болбосо бул ыйгарым укуктарын ишке ашырууда бардык тоскоолдуктарды алып салуу.

Буюм-укуктук коргоо ыкмаларынын төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар:

- буюм ээси менен укук бузуучу ортосунда эч кандай милдеттенмелер менен байланыш жок;
- коргоолуучу укуктардын абсолюттук мүнөзү (бир гана ыйгарым укуктуу субъекттин, буюм укуктарын бузулушунан башка субъекттердин алыс болушу);
- буюм-укуктук доо коюу менчик ээси же башка буюм субъектилери.

Буюм-укуктук доо коюнун, буюм укуктарын коргоонун ыкмаларына төмөнкүлөр байланыштуу:

- Виндикациялык – мыйзамсыз бөтөн ээлик кылуудан мүлктү талап кылып алуу жөнүндө доо.
- Негатордук – ээлик кылуудан ажыратуу менен байланышпаган эреже бузууларды жоюу тууралуу доо.
- Менчик укугун таануу жөнүндө доо.

Ч.И. Арабаев “Виндикациялык доолор (латынчадан vindicare - талап кылуу, коргоо) менчик укугун коргоонун жарандык-укуктук каражаттарынын ичинде өзгөчө орунду ээлейт, Негатордук доо (латынчадан actio negotia - тануучу доо) – бул буюмга ээлик кылган менчик ээсинин мүлккө ээлик кылууга, аны пайдаланууга жана тескөөгө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруудагы тоскоолдукгарды жоюу жөнүндө үчүнчү жакка келишимден тышкаркы талабы” [3] - деп белгилеген.

П.В.Крашенниковдун белгилөөсү боюнча, “Виндикациялык жана негатордук доолор - менчик укугун таануу жөнүндө доо менчик укугун коргоо үчүн буюмдук-укуктук каражат болуп эсептелет” [4].

Буюм укуктарын коргоонун экинчи тобунда, буюм укугунун каражаттарын коргоонун укуктук-милдеттери түздөн-түз эмес, кыйыр түрдө алардын өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

- Милдеттенме мамилелерден келип чыккан (мүлктүк ар кандай бүтүм, келишимдер).
- Келип чыккан салыштырмалуу мамилелерге гана пайда болот.
- Конкреттүү субэект гана укук бузуучу болуп саналат.

Коргоонун мыйдай каражаттарына төмөнкүлөр туура келет:

- Зыяндын ордун толтуруу жөнүндө доо коюу ыкмалары.
- Мүлктү негизсиз алган, же сактаган жана башка кайтарып берүү талаптары жөнүндө доо.
- Зыяндын ордун толтуруу боюнча, келишимди аткарбаганы, же талаптагыдай аткарбагандыгынын айынан келтирилген доо.
- Келишим боюнча буюмдарды кайтарып берүү боюнча доо.

А. Зевайкинанын пикири боюнча, “үчүнчү топто биринчи жана экинчи топто аталган эмес, коргоонун башка ыкмалары камтылат. Бул жерге бүтүмдү анык эмес деп таануу жөнүндө тараптардын кызыкчылыгын коргоо, менчик ээсинин менчик укуктарын коргоо, сот тарабынан өлдү деп жарыялануу, мыйзамда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



каралган негиздер боюнча менчик укугу токтотулган учурда анын менчик ээсинин укуктарын коргоо, жана башка кээ бир учурлар кирет” [5].

Демек, буюм укуктарын коргоо жарандык мыйзамдар менен жүзөгө ашырылат.

Мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-ж. (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясына ылайык).

2. КРдин Жарандык кодекси (2018-ж. 6-августундагы №88 мыйзамынын редакциясына ылайык).

**Адабияттар:**


1. Юридикалык аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. - Б., 2006.
2. Гражданское право России. Курс лекций. Часть первая. Под ред. О.Н. Садикова - М.: Юрид. лит., 1996.
3. Арабаев Ч.И. Кыргыз Республикасынын Жарандык укугу. - Б., 2009.
4. Крашенников П.В. Право собственности и другие вещные права. - М.: Статут, 2001.
5. Зевайкина А. Иски о признании права собственности. Российская юстиция. - №8, 2001.
6. Крашенников П.В. «Право собственности и другие вещные права». - М.: Статут, 2001.